КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышынын V кезектеги сессиясы**

**Таш-Дөбө а.** **20-май 2025 ж.**

# ТОКТОМ №28

**Жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүү жөнүндө»**

Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевдин Арашан айыл аймагындагы социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана чечүү маселелери жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 “Аламүдүн өнүктүрүү фондунун” эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу» токтомунун негизинде, Арашан айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылга Аламүдүн өнүктүрүү фондунун конкурстарына катышуу үчүн долбоорду бекитүү жана жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүүгө уруксат берилсин:
   - “Арашан айыл аймагынын Таш-Дөбө айылындагы Б.Бейшеналиева атындагы мектебине эмеректерди сатып алуу” долбооруна 5860280 (Беш миллион сегиз жүз алтымыш миң эки жүз сексен) сом.
2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Аламүдүн өнүктүрүү фондунун каржылануучу долбоордук табыштамалардын конкурсуна катышуу үчүн документтерди даярдасын жана жөнөтсүн жана аларды 2025-жылга бюджетти түзүүдө эске алсын;
3. Аламүдүн өнүкүрүү фонду тарабынан каржылануучу “Арашан айыл аймагынын Таш-Дөбө айылындагы Б.Бейшеналиева атындагы мектебине эмеректерди сатып алуу” долбооруна табыштама бекитилсин;
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.А. Кыдыров**